# КЫРГЫЗДАРДЫН ӨЗҮН-ӨЗҮ ТААНУУ МАСЕЛЕСИ

**НУРАЛИЕВА С.С.**
izvestiya@ktu.aknet.kg

Учурдун көйгөйлүү маселелеринин бирине айланган кыргыздын өзүн-өзү таануу маселеси басма сөз беттеринде, ар кандай талкууларда колго алынганы менен толук чечилбей келет. Бул маселе кечээ чечилген эмес, бүгүн чечилбесе, анда биз эртең башка өлкөлөрдүн зериккенде ойноочу оюнчугуна же башка мамлекеттердин кызыкчылыгы үчүн колдонулган лабиринтке айланарыбызга шек жок.

Кыргыз бүгүн ким? Кечээ ким эле? А эртең ким болот деген курч суроолордун түйүнүн чечүүдө сөзсүз кыргыз элинин тарыхында көз чаптырабыз. Тарых булактарында кыргыз мамлекети 2200 жыл мурун болгону такталган. Улуу окумуштуу В.В. Бартольд: "Рассказ о событии 201г. до н.э.ничего не говорит ни об области киргизов, ни о ее местоположении; но вместе с киргизами, очевидно в качестве их соседей, назван, между прочим, народ динлин (Ting Iing), в котором видят предков так называемых «енисейских» остяков". На этом основании можно предположить, что киргизы уже тогда, как впоследствии, жили на Енисее" 1;178. Демек , кыргыз ага чейин түрк урууларынын ичинде жашап келген. Кыргыздын каада-салты, маданияты, тарыхы, дини, тили болгон.

Бүгүн кыргыз кандай абалда турат? Толук ой жүгүртө албаган, оюн айтуудан айбыккан, материалдык байлыктын кулу болгон, сатылууга даяр турган, моралдык жактан коркуп, торсуз капканга түшкөн сымал абалдабыз. Мунун себептери эмнеде? Бул улут динин алмаштырса жашайт, жерин алмаштырса жашайт, ал эми тилин алмаштырса, анда башка элдерге сиңип кетет. Бүгүн биз мына ошол акыбалда турабыз. 70 жылдык колониялык жашоо космополиттин чыныгы образын жаратты. Советтик доордун күчтүү абасы салкындап калса да, таасирин жоготкон жок. Улуу муун менен кичүү муундун ортосундагы келишпестиктер, түшүнбөстүктөр, жаштардын мамлекеттик баалуулуктарды кастарлай албай жатышы, кыргыздардын күтүлбөгөн базардык шартка кирүүсү жана демократиялык кырдаал буга себепкер болду. Советтер Союзу тарагандан кийин кыргыздар, дегеле Орто Азия чөлкөмүндө жашаган СССРдин курамындагы өлкөлөр, кысылган аяктын ичинде турган абанын тез арада вакуумга тарагандай эле кубулушту баштан өткөрдү. Ошонун таасири бүгүн да коомго терс таасирин тийгизип жатат.

18 жылдан бери ураалап көтөргөн маселебиз «улуттук тил». Тилдин күндөн-күнгө жок болуу коркунучу менен маселе көтөрүп келебиз. Менимче, маселе деп санактап коюу эмес, көтөрүлгөн маселени аткаруу. Кыргызстанда жашаган башка этносторго кыргыз тилин үйрөтүү биздин милдет эмес, биринчи өзүбүз эне тилибизди билишибиз, «жөн гана билишибиз эмес, а колдонушубуз абзел». Тил коргоого муктаж эмес, колдонууга муктаж экендигин билишибиз керек. Эгер биз өзүбүз, кыргыз эли эне тилибизде сүйлөсөк, биздин тилди башка этностор акырындык менен үйрөнө баштайт.

Улуу муун "улуу орус элинин таасиринде калып, орусча жазып, орусча сүйлөп калса, кийинки муундарда өзгөчө айылдан келген кыргыз балдардын арасында же орус тилинде так сүйлөбөй же кыргыз тилинде так сүйлөбөй, ортодо арабөк калган кыргыз балдарынын муундары пайда болууда.

Кыргыз байлыкка кызыккан эмес, кыргыздар үчүн "коом" түшүнүгү өтө маанилүү болгон. "Баары бирөө үчүн, бирөө баары үчүн" деген сыяктуу макалдар бекер жеринен жаралган эмес. Мунун баары кыргыздардын турмуштук бай тажрыйбасынан алынган. Бүгүнкү кыргыз буга татыктуубу? Тескерисинче, өзүмчүлдүк мүнөздөр, материалдык байлык үчүн мекенин таштап кетүү, "кыргыз" болуудан уялуу комплекстери пайда болду. Азыркы күндө кыргыз эли социалдык, нравалык, материалдык жактан бир тилкеде эмес, чачыранды абалдабыз. Өзгөчө жаштар арасында кыргыз тилинде сүйлөө "билимсиздик, маданиятсыздык" түшүнүктөрү менен өздөрүндөгү улутка, мекенге, мамлекетке болгон ыйык сезимдерин жоготуп, башка элге окшошуп, аларга сиңип кетүү коркунучу турат.

Кыргыздардагы "Улууга урмат, кичүүгө ызаат", "Доско уят болгончо, душмандын колунан өлгөн артык" деген улуу философиялары бүгүн көз жаздымда калып жатат. Абийирин саткан улан-кыздар, достуктун анты урган жаштар коомду бүлгүнгө учуратып жаткандыгы белгилүү. Бизге кыргыздарга карата айтылган "толеранттуулук, кең пейилдик, достук, намыскөйлүк" ж.б. сыпаттамалар жоголуп, "аракечтик, жанкечтилик, сойкулук, уурулук, шылуундук" ж.б. терс

сапаттар адамдын өзүн гана эмес, жалпы коомду, аны менен бирге мекенди талкалап жаткан көрүнүштөр четтен табылат.

Мына жогоруда айтылгандардын аркасынан улам ага карата бир маанилүү логикалуу суроо жаралат. Ал “Кыргыз деген ким, кыргыз өзүнүн кыргыз экендигин кантип далилдейт жана кантип таанайт?” деген суроо. Башка көптөгөн өлкөлөрдөй эле, Кыргызстанда да бир нече социалдык топтор бар, аларга тиешелүү маселелер боюнча да мамлекет иш алып барат. Ал социалдык топтор бири-биринен жынысы, жаш курагы, улуту, материалдык жетишкендиктери, статусу, кесиби жана башка критерийлери менен айырмаланат.

Мындай социалдык топтордун кызыкчылыктарын эске алуу менен мамлекет алардын ар бири боюнча бийлик структурасын курап, программа кабыл алып, саясат жүргүзөт.

Ар бир улут тили менен улуу. Ошол үчүн тил улуттук улуу мурас катары бааланат. Тилсиз этнос жок, тилсиз анын басып өткөн жолун, дүйнө таанымын да түшүнүп билүүгө мүмкүн эмес. Андыктан мамлекеттик тилди сактоо жана аны өнүктүрүү ар бир кыргыз жаранынын ыйык милдети. Бирок бүгүнкү өкмөт башчыларынын өзүмчүл жана жалтак идеологиясынан улам улут басынып, балдарыбыз кара курсагы үчүн чет өлкөлүк бай адамдардын көзүн тиктеп, ошолордун тилин үйрөнүп, өз тилин унутууда. Андан соң элибиз, коңшу калктар тарабынан ар кандай ылакап аттарга конууда. Ал тургай улуттук иделогиябызды да ушул күнгө чейин аныктап, тактап бир жолго кое элекпиз.

Ошондуктан биздин улуттук намысыбызды сактоонун жана өзүбүздү таанып билүүнүн бир гана жолу бар. Ал өзүбүздүн улуу рухий мурастарыбызды, каада-салттарыбызды жана эң башкысы – улуттук тилибизди − жоготпой, аны эң биринчи кезекте кыргыздар терең билип, өздөштүрүп, колдонуубуз зарыл. Андан кийин гана өлкөбүздө жашаган башка улуттардын өкүлдөрү (этникалык элдер ) да үйрөнүшөт. Бул үчүн азыр өлкөбүздө бардык шарттар жана мүмкүнчүлүктөр бар. Бул тууралуу Баш мыйзамыбызда жана башка укуктук-нормативдик актыларда баса көрсөтүлгөн. Бирок эң башкысы аларды иш жүзүнө ашыруу үчүн биздин өлкөдө эч кандай зарылдык жок. Ошон үчүн бул маселе боюнча азыркы учурда чече турган башкы милдет − өз улутубузду улут катары таануу болуп саналат.

Башка улуттун өкүлдөрү менен жолугушуп пикир алышууда, аларды терең, так түшүнүүдө эң биринчиден, тилдик тоскоолдуктарга дуушар болобуз. Өз ара түшүнбөөчүлүктүн башкы себеби – тил билбөөчүлүк болуп саналат, ошондуктан аны чечүү коомчулуктагы актуалдуу маселелерден болуп саналат.

Тил − улуттун эң негизги белгиси болгондуктан, биз адамдардын сырткы көрүнүшү, мүнөзү, кесиби же дагы бир башка белгилери боюнча алардын кайсы улуттагы адам экендигин ажыратып биле албайбыз, аларды бир гана тили аркылуу аныктоого болот. Башка улуттардын тилдерин окуп-үйрөнүү менен ар бир адам ошол улуттардын тилин гана эмес, тарыхын, маданиятын жана каада-салттарын да өздөштүрөт, маалыматы көбөйүп, кругозору өсөт. “Тил − достуктун көпүрөсү” деп бекеринен айтылган эмес, натыйжада ар улуттун өкүлдөрү тил аркылуу бири-бири менен жакындашып, достошот жана бир пикирге келишет.

***Колдонулган адабияттар:***


1. *Абрамзон С.М.* Киргизы и их этнические и историко-культурные связи. –Фрунзе: Кыргызстан, 1990.
2. *Айтбаев А.А.* Кыргыз элинин менталитети: теория жана практика. –Бишкек, 2006.
3. *Гаджиев К.С.* Американская нация: национальное самосознание и культура. –М.: Наука, 1996.